| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ЧҮЙ РАЙОНУ**<br>**БУРАНА**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**<br>**БУРАНИНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |
| Дөң-Арык а. | | с.Дон-Арык |

Бурана айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги сессиясынын отуруму

# ТОКТОМ

2024-жыл « 09 » февраль № 2

**Бурана айыл өкмөтүнүн 2024-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 102-беренесине жана Кыргыз Республикасынын өз алдынча башкаруу" мыйзамынын 2021-жылдын 20- октябрындагы №123 токтому менен бекитилген " Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 31-беренесине ылайык, 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү боюнча Бурана айылдык кеңеши токтом кылат:

## ТОКТОМ

1. Бурана айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджети атайын эсепти жана теңделүүчү грантты кошкондо 2024-жылга 23642,1 миң сом бекитилсин.
2. Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүмүн 2024-жылда каржылоодо биринчилерден корголгон беренелер (айлык маяналар,социалдык фондко чегерүүлөр,бала бакчанын тамак-ашы).Андан тышкары коммуналдык тейлөөлөр боюнча электр энергиясынын бекитилген чегин сактоо жагы көзөмөлгө алынсын жана көмүр сатып алуу,андан тышкары карыздарды төлөө каралсын.
3. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү аткарылбай калса же ашыгы менен аткарылса райондук финансы башкармалыгынын макулдугу менен айылдык кеңештин отурумунда каралып, киреше жана чыгаша бөлүмүнө оңдоп,түзөө киргизилсин.
4. Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн каржылоодо,айыл өкмөттөн муктаждыгына байланыштуу бөлүмдөн бөлүмгө,беренеден беренеге райондук финансы башкармалыгынын макулдугу менен айылдык кеңештин отурумунда каралып,чейректен чейреке,бөлүмдөн бөлүмгө,беренеден беренеге жылдырылып берилсин.
5. Бурана айыл өкмөтүнүн экономика жана каржы бөлүмүнүн башчысынын милдетин у.а. (Г.Иманакунова);
   -Бурана айыл аймагынын жергиликтүү бюджетин аткаруу процессинде,экономикалык кырдаал өзгөрүлгөн учурларда,Кыргыз Республикасынын Финансы министирлиги менен 2024-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча планды тактоо боюнча иштер квартал сайын жүргүзүлсүн.
   - Жергиликтүү бюджеттин аткаруунун жүрүшүндө жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылбагандыгын жана ашык аткарылгандыгы күтүлгөн

учурда жергиликтүү бюджеттин кирешелер жана чыгашалар бөлүктөрүн балансту оңдоп-түзөөгө уруксат берилсин;

6. Бурана айыл өкмөтү боюнча киреше боюнча жетектөөчү адис (Куланбаева Б.Ч.) тарабынан:

- Экономиканын көмүскө секторун мыйзамдаштыруу боюнча иштерди жүргүзүү жана тескөөнү жакшыртуу жолдору менен салыктарды жана төлөмдөрү көбөйтүү боюнча чаралар кабыл алынсын;
- Салыктык жана салыктык эмес кирешелердин бардык түрлөрү боюнча бекитилген пландардын ай сайын аткарылышы камсыздалсын;
- Жергиликтүү бюджеттин салыктар жана төлөмдөр карыздарын кыскартуу боюнча иштер күчөтүлсүн;

7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимине ылайык Бурана айыл өкмөтү тарабынан коммуналдык кызматтар боюнча (электр энергиясы,байланыш кызаттары үчүн төлөм) коюлган ченем катуу сакталсын.
8. Бурана айыл өкмөтүнүн бекитилген бюджетинин чыгаша жана киреше бөлүгүнүн аткарылышын көзөмөлгө алуу Бурана айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин у.а (Н.Келгенбаевага) жүктөлсүн.
9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу Бурана айылдык кеңешинин экономика,бюджет,каржы,салыктар жана инвестицияларды тартуу боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.
10. Ушул токтомдун расмий жарыяланган күндөн тартып аны мамлекеттик каттоо үчүн Кыргыз Респбуликасынын Юстиция министрлигинин тиешелүү аймактык бөлүктөрүнө мамлекеттик тилде жарыялансын.
11. Ушул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага А.Б.Исагалиев

---

Таркатуу : көктөмө ,Г.Иманакуновага ,комиссиялардын төрагалары-бардыгы 6 нуск

Бурана айылдык кеңештин
2024-жылдын 09-февралындагы
№ 2- токтомуна тиркеме №1

ЭСЕП
Бурана айыл аймагынын 2024-жылга киреше бөлүгүнүн кварталга бөлүнүшү

сом

| № | Аталышы | бекитилгени 2024-ж | Анын ичинде кварталга бөлүнгөнү 1-кв | 2-кв | 3-кв | 4-кв |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Киреше салыгы | **4029,0** | 958,9 | 1091,8 | 967,0 | 1011,3 |
| 2 | Ыктыяры менен төлөнүүчү патент | **300,0** | 81,0 | 75,0 | 81,0 | 63,0 |
| 3 | Кыймылсыз мүлккө салык | **19,1** | 6,3 | 5,3 | 4,8 | 2,7 |
| 4 | Унаа салыгы | **580,0** | 92,8 | 121,8 | 365,4 | 0,0 |
| 5 | Огород салыгы | **152,2** | 30,4 | 38,0 | 83,8 | 0,0 |
| 6 | Дыйкандардын үлүш жерине салыгы | **0,0** | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| 7 | Айыл чарба эмес салыгы | **484,4** | 169,5 | 130,8 | 121,1 | 63,0 |
| 8 | Калк жайгашкан жердин арендасы | **139,2** | 18,1 | 34,8 | 34,8 | 51,5 |
| 9 | Жайыттарды пайдалануу | **110,0** | 9,9 | 24,2 | 27,5 | 48,4 |
| 10 | КФБ жердин ижара акысы | **7798,0** | 1169,7 | 1559,6 | 1949,5 | 3119,2 |
| 11 | Муницпалдык имараттын ижарасы | **9,6** | 1,9 | 1,9 | 2,4 | 3,4 |
| 12 | Баардыгы | **13621,5** | 2538,5 | 3083,2 | 3637,3 | 4362,5 |
| 13 | Атайын эсептен түшкөнү | **2310** | 577,5 | 577,5 | 577,5 | 577,5 |
| | **Баардыгы** | **15931,5** | **3116** | **3660,7** | **4214,8** | **4940** |
| | Теңделүүчү грант | **7710,6** | 1927,6 | 1927,6 | 1927,7 | 1927,7 |
| | **Баардыгы** | **23642,1** | **5043,6** | **5588,3** | **6142,5** | **6867,7** |

Бурана айылдык кеңештин төрагасы А.Б.Исагалиев

Бурана айылдык кеңештин
2024-жылдын 09-февралындагы
№ 2- токтомуна тиркеме №2

ЭСЕП
Бурана айыл аймагынын 2024-жылга чыгаша бөлүгү

сом

| Бөлүм | Аталышы | бекитилгени | Анын ичинде кварталга бөлүнгөнү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2024-ж | 1-кв | 2-кв | 3-кв | 4-кв |
| **701** | **Мамлекеттик кызмат** | **11267,8** | **2411,9** | **2792** | **2949,5** | **3114,4** |
| | Бюджеттик каражат | 3888 | 567 | 947,1 | 1104,4 | 1269,5 |
| | Теңделүүчү грант | 7379,8 | 1844,9 | 1844,9 | 1845,1 | 1844,9 |
| **706** | **Коммуналдык чарба иштери** | **3827,8** | **850,1** | **1004,7** | **596,7** | **1376,3** |
| | Бюджеттик каражат | 3827,8 | 850,1 | 1004,7 | 596,7 | 1376,3 |
| **708** | **Китепкана** | **986,1** | **277,8** | **407,8** | **157,7** | **142,8** |
| | Бюджеттик каражат | 986,1 | 277,8 | 407,8 | 157,7 | 142,8 |
| **708** | **Клуб** | **365,5** | **91,3** | **91,3** | **91,3** | **91,6** |
| | Бюджеттик каражат | 365,5 | 91,3 | 91,3 | 91,3 | 91,6 |
| **704** | **Жайыттарды пайдалануу** | **110** | **0** | **30** | **30** | **50** |
| | Бюджеттик каражат | 110 | 0 | 30 | 30 | 50 |
| **709** | **Бала бакча** | **3150** | **932,5** | **892,5** | **692,5** | **632,5** |
| | Бюджеттик каражат | 840 | 355 | 315 | 115 | 55 |
| | Атайын эсептеги каражат | 2310 | 577,5 | 577,5 | 577,5 | 577,5 |
| **709** | **Мектеп** | **3334,9** | **230** | **270** | **1524,8** | **1310** |
| | Бюджеттик каражат | 3003,9 | 230 | 270 | 1194 | 1310,1 |
| | Теңделүүчү грант | 330,8 | 0 | 0 | 330,8 | 0 |
| **710** | **Социалдык жардам** | **600** | **250** | **100** | **100** | **150** |
| | Бюджеттик каражат | 600 | 250 | 100 | 100 | 150 |
| | | | | | | |
| | **Баардык чыгаша** | **23642,1** | **5043,6** | **5588,3** | **6142,5** | **6867,7** |
| | Бюджеттик каражат | 13621,5 | 2621,2 | 3165,9 | 3389,1 | 4445,3 |
| | Атайын эсептеги каражат | 2310 | 577,5 | 577,5 | 577,5 | 577,5 |
| | Теңделүүчү грант | 7710,6 | 1844,9 | 1844,9 | 2175,9 | 1844,9 |

Бурана айылдык кеңешинин төрагасы А.Б.Исагалиев